**“Кутман курак”**

**Сөзү:** Урманбетов Кыялбек

**Обону:** Токсонов Камчыбек

Күндөр сызат күлүк

Карайбай дыйкан же улуксунбу

Күтүп алгын күлүп

Ар күнү буйурган ырыскынды

Майрам күткөн тойдон

Көңүлүң көкөлөп учкан турат

Урмат сыйга толгон

Өмүрүң суктандырат

Сыймык кушу конгон

Кут болсун кут болсун кутман курак!

Жылдар тынбай жылат

Апаңдын ак сүтүн актадыңбы

Бүтпөй турмуш сынак

Адамдык жүзүңдү сактадыңбы

Майрам күткөн тойдон

Көңүлүң көкөлөп учкан турат

Урмат сыйга толгон

Өмүрүң суктандырат

Сыймык кушу конгон

Кут болсун кут болсун кутман курак